Токтом №2

11.11.2019 катышканы-25

Күн тартибинде:

1. I чейректин жыйынтыгы
2. Усулдук бирикмелердин отчёту
3. 2-4-класстарынын окуу ылдамдыгын текшерүү

Биринчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Женмуратова Гулмира сөз сүйлөдү.
Угулду:

Август айында уюштуруу иштери жүргүзүлдү. Жаңы мектепке окуучулар кабыл алынды. Керектүү кадрлар менен камсыздандырылып, 412 окуучу менен жаңы окуу жылын баштадык.
Чейрек ичинде 68 окуучу келип, 85 окуучу кетти. Чейрек аягында 395 окуучу менен биринчи чейректи аяктадык.
Билим сапаттары менен тааныштырсам:

1-касстар-126 окуучу

2-класстар-51 окуучу

| Классы | Окуучулардын саны | "Эң жакшы" | "Жакшы" | "Орто" | Билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|
| 3-класс | 30 окуучу | 5 окуучу-17% | 7 окуучу-23% | 18 окуучу-60% | 40% |
| 4-А класс | 20окуучу | - | 4 окуучу-20% | 16 окуучу-80% | 20% |
| 4-Б класс | 22 окуучу | 2 окуучу-9% | 9 окуучу-41% | 11 окуучу-50% | 50% |
| 3-4-класстар | 72 окуучу | 7 окуучу-10% | 20 окуучу-28% | 45 окуучу-62% | 83% |
| 5-А класс | 16 окуучу | 1 окуучу-6% | 2 окуучу-13% | 13 окуучу-83% | 19% |
| 5-Б класс | 41окуучу | 2 окуучу-5% | 8 окуучу-26% | 31 окуучу-75% | 25% |
| 6-класс | 19 окуучу | 2 окуучу-11% | 5 окуучу-26% | 12 окуучу-63% | 37% |
| 7-класс | 21 окуучу | 1окуучу-5% | 10 окуучу-47% | 10 окуучу-48% | 52% |
| 8-класс | 22 окуучу | 1окуучу-5% | 6 окуучу-27% | 15 окуучу-68% | 32% |
| 9-класс | 27 окуучу | 1 окуучу-4% | 6 окуучу-22% | 15 окуучу-74% | 32% |
| 5-9-класс | 146 окуучу | 8 окуучу-6% | 37 окуучу-25% | 101 окуучу-69% | 33% |
| 3-9-класс | 218 окуучу | 15 окуучу-7% | 57 окуучу-26% | 146 окуучу-67% | 33% |

Биринчи чейректе мектеп боюнча билим сапаты 33% түздү.
Жарыш сөзгө орус тили жана адабияты мугалими Отоханов С.С. сөз сүйлөдү.
Угулду:

Мына быйылкы окуу жылында мектеп интернаты жабылып, мурдагы окуучуларыбыз кетишип, жаңы мектеп болгонуна байланыштуу жаңы окуучулар кабыл алынды. Алар жаңы чөйрөгө көнгөнгө чейин бир аз убакыт керек. II чейректе кайсы окуучу кандай окуйт, кайсы предметке кызыгат толук билип алабыз. Орус тилинде эркин сүйлөгөн окуучулар көп, ар бир класста кийинки чейректе билим сапаты жогорулайт деп ойлойм.
Жогорудагыларды угуп, талкуулап пед. кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

1.I чейректин жыйынтыгы канааттандыраарлык деп табылсын.

Экинчи маселе боюнча эстетикалык усулдук бирикменин жетекчиси Карабаева Раанагүл төмөнкүлөргө токтолуп кетти.
Угулду:

2019-жылдын август айында уюштуруу иштеринин негизинде окуу пландары түзүлүп, мугалимдердин саат жүктөмдөрү бөлүштүрүлүп, предметтик стандарттарга ылайык календардык пландар түзүлдү. Усулдук бирикменин чогулушунда түзүлгөн план талкууланып, алымча-кошумчалар киргизилди. Сентябрь айында окуучулардын жөндөмдүүлүгүн арттыруу максатында дене тарбия, эмгек сабагынан шыктуу окуучулар ийримдерге тартылып, алар менен түштөн кийинки мезгилде план боюнча сабактар өтүлүп турат.

Класстан тышкаркы иштерди уюштурууда ийримдерге замандын талабына ылайык жаңыча предметтик идеяларды, кол өнөрчүлүктү үйрөнүү формаларынын киргизилүүсү талап кылынды. Окуучулар менен жекече иштөөнүн негизинде билимин, өнөрүн өркүндөтүү, ата-энелердин катышуусун ишке ашыруу маселеси каралды.

Кыргыз тили күнүнө карата чыгармачылык менен газеталар балдардын колу менен чыгарылды. Чыгармалардагы каармандардын образдарын кездеме, сайма жана аппликация түрүндө чагылдырылып, колго кийип байланууучу оюнчуктарды жараттык. Жаңы компоненттүүлүк негиздери иштелип чыккан стандарттардын өзгөчөлүктөрү боюнча жаш мугалимдерге семинар өткөрүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Анда өзү окуткан предметине байланыштуу эреже, теория, аныктама, принцип , практикалык иштерди жатык тилде так келтире үйрөтө алуу түшүнүктөрү айтылды. Ар бир сабакта окуучуларда күтүлүүчү натыйжага жетишип, кызыгуусун арттыруу керектиги тууралуу түшүндүрмөлөр берилди.

Мугалимдер майрамына карата " Мугалим мөмөлүү дарак" деген темада организатор Туманов Куштар окуучулар менен бирдикте майрамдык концерт тартуулашты. Концерттик программада жаңы келген окуучулардын таланттары тартууланды.

2019-жыл "Аймактарды өнүктүрүү жана санариптештирүү жылына" карата композицияларды жасоо боюнча гүл, таш жыгач сыяктуу табигый материалдарды колдонуп, композициялык экспонаттарды түзүү сынагына катышып, чыгармачыл окуучулар менен сынакка катыштык. Сынакка 9-класстын окуучулары активдүү катышып, жардамдарын беришти.

Октябрь айында 3-9-класстар арасында "Алтын күз" сынагы өткөрүлдү. Сынакка ар бир класс мөмө-жемиштердин түрлөрү жана алардан жасалган композициясы менен катышты. Ошондой эле октябрь айында жаш мугалимдердин слёту өткөрүлүп, кол өнөрчүлүк ийриминде жасалган буюмдар менен шаардык көргөзмөгө катыштык.

Башталгыч усулдук бирикменин жетекчиси Садирова А. сөз сүйлөдү.
Угулду:

Биздин усулдук бирикмеде 11 мугалим эмгектенет. Быйыл өзүңүздөр билгендей беш 1-класс ачылды, анын төртөөсү орус класс, ал эми бирөөсү кыргыз класс.

1. Даярдоо класстын мугалими-Исмаилова А.

2.1-А класс-Пайзилдаева Зубайда

3.1-Б класс-Калыкова Жылдыз- эмгек стажы 6жыл

4. 1-В класс-Эшмембетова Машхура

5.1-Г класс-Медербек кызы Чынара

6.1-Д класс-Турдуева Дарья-эмгек стажы 2жыл

7.2-А класс-Муллаянова З.-эмгек стажы 15жыл

8. 3-А класс-Идирисова М.-эмгек стажы 4жыл

9. 2-Б класс-Эгемкулова Алтынай

10. 4-А класс Садирова А.-эмгек стажы 27жыл

11.4-Б класс Исманова Б.-эмгек стажы 13жыл

Сентябрь айында башталгыч класстын мугалимдери окуучуларды китеп менен камсыз кылышты. Ошондой эле ата-энелердин жардамы менен класстарына парталар алынды. 1-Б класс, 2-Б класс, 4-Б класстын парталары жаңыланды.

Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикменин жетекчиси Маккамбаева Феруза сөз сүйлөдү.
Угулду:

2019-2020-окуу жылында " Мамлекеттик тил" жөнүндөгү мыйзамынын кабыл алганынын 30 жылдыгына карата тилди өнүктүрүүнүн улуттук программасын аткаруубоюнча кыргыз тили айлыгынын иш-мерчемине ылайык 2-сентябрдан 30-сентябрга чейин иш-чаралар.

4-сентябрда Мамлекеттик тилдин 30 жылдыгына арналган айлыктын аземин уюштуруу максатында жыйын өткөрүлдү.

9-сентябрь күнү " Кылым карыткан үч кыл комуз" деген темада жыйын өткөрүлүп ага шаардык китепкананын кызматкери Жунусова Ташканай катышты.

13-сентябрь күнү дене тарбия мугалими Пазылов Арстандын жетекчилиги астында тогуз коргоол оюндары боюнча 6-9-класстардын арасында сынак өткөрүлдү.

1-орун 9-класс
2-орун 8-класс
3-орун 7-класс

16-сентябрь күнү " Кыргыз тилин данктайбыз" аттуу темада сынак болуп, эң жакшы деп 8-А класстын " Мамлекеттик тил-жалпы улуттук тил" аттуу газетасы 1-орунга ээ болду.

20-сентябрь күнү " Кыргыз тили кылымдарды карыткан" аттуу темада сынак болуп, ага 6-9-класстын окуучулары активдүү катышып, 8-9-класстын окуучулары жеңишке ээ болушту.

24-сентябрь күнү "Сабаттуу бол" акциясын өткөрүү максатында 2-9-класстарынан жат жазуу алынды.

1-орун 8-класстын окуучусу Сариева А.

2-орун 9-класстын окуучусу Талант к. Г

3-орун 7-класстын окуучусу Ташова Мээримдин жат жазуулары эң жакшы деп бааланды.

30-сентябрь күнү " Жомоктор дүйнөсүндө" аттуу темада 2-4-класстар кыргыз эл жомокторунан коюшту. Класстар өтө жакшы даярданышып, өздөрүнүн артисттик чеберчилигин көрсөтө алышты.

1-октябрь күнү Мамлекеттик тилдин 30 жылдыгына арналган " Кыргыз тили кылымдарды карыткан,эчким аны өчүрө албайт тарыхтан" аттуу темада шаардык деңгээлде сынак болуп өттү. Ага көркөм окуу боюнча 9-класстын окуучусу Курманбаев Асан 1-орунга ээ болду, ал эми жаңылмач айтышуу боюнча 8-класстын окуучусу Сарыева Айтунук 2-орунга ээ болуп, дипломдор менен сыйланышты.

Табигый усулдук бирикменин жетекчиси Токурова Наринса сөз сүйлөдү.
Угулду:

Табигый илимдер усулдук бирикменин 2019-2020-окуу жылына карата түзүлгөн иш-мерчеминин негизинде 1чейрек ичинде төмөнгүдөй иш чаралар аткарылды. Бирикменин курамында беш мугалим эмгектенет.

1.Бакирова Гүлжан-билими жогору, эмгек стажы 6 жыл, математика мугалими

2.Токурова Н.-биология мугалими , эмгек стажы 12 жыл

3.Мамадалиева Б.-информатика мугалими

4.Мурзакулова А.-физика мугалими,эмгек стажы 5 жыл

5.Туманов К.-география мугалими

Сентябрь айында уюштуруу иштери жүргүзүлдү. Мугалимдер предметтик стандарттарга ылайык календардык-тематикалык пландар түзүлүп бекитилди. Бирикменин планы түзүлүп, күндөлүк пландарды жазуу, көрсөтмө куралдарды даярдоо боюнча түшүнүктөр берилип, сунуш-пикирлер айтылып, талкууланды. Шыктуу жана начар окуган окуучулар менен иштөө боюнча окуучулардын тизмелери такталып, атайын пландары түзүлдү.

Октябрь айында 6-9-класс окуучуларынын математика сабагынан айлампа дептерлердин абалын текшерүү иши каралды. Айланма дептерлердин абалы орто.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап пед. кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

2.Усулдук бирикмелердин отчёту канааттандыраарлык деп табылсын.

Үчүнчү маселе боюнча башталгыч класстар усулдук бирикменин жетекчиси Садирова Алтынай төмөнкүлөргө токтолуп кетти.

Угулду:

Октябрь айында 2-4-класстардын окуу ылдамдыгын текшердим жана төмөндөгүдөй жыйынтыкка ээ болду.

| Классы | Окуучулардын жалпы саны | Мугалими | Нормага жеткени | Нормага жетпегени | Муундап окуганы | Тамгалап окуганы | Билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2-А кл | 20 окуучу | Мукашева | 4 окуучу | 12 окуучу | 4 окуучу | - | 20% |
| 2-Б кл | 30 окуучу | Эгемкулова | 8 окуучу | 16 окуучу | - | 2 окуучу | 30% |
| 3-А кл | 30 окуучу | Идирисова | 11 окуучу | 15 окуучу | 3 окуучу | 1 окуучу | 36% |
| 4-А кл | 20 окуучу | Садирова А. | 2 окуучу | 15 окуучу | 2 окуучу | 1 окуучу тамга таа-байт | 10% |
| 4-Б кл | 22 окуучу | Исманова Б. | 16 окуучу | 6 окуучу | - | - | 72% |

Мына өткөндө 4-класстарды усулдук бирикменин жетекчиси Садирова А. текшерип чыкты. Башталгыч класс мугалимдери нормага жетпеген окуучулар менен жекече иш алып баруусу сунушталды.

Мурда окуу ылдамын текшерген мезгилде 5-6 окуучу нормага жетпейт эле, ал эми азыр болсо көпчүлүк окуучулар нормага жетпейт. Бул көрсөткүчтөрдү анализдепчыктык. Анткени мектеп жаңы түзүлгөндүктөн , ар башка мектептерден келишкен. Кийинки чейректе канчалык деңгээлде өзгөрүш болгондугун мониторинг аркылуу анализдейбиз.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап пед. кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

2.2-4-класстардын окуу ылдамдыгынын абалы канааттандыраарлык деп табылсын. Нормага жетпеген окуучулар менен жекече иштөө ар бир класс жетекчиге милдеттендирилсин.

Мектептин директору: Эрматов А. К.

Катчы: Сайпидинова У. М.